| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>Ош облусу<br>Алай району<br>Корул айылдык кеңеши | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>Ошская область<br>Алайский район<br>Корулский айылный кенеш |
|---|---|---|

# Корул айылдык Кенешинин 7-чакырылышынын кезектеги 24-отурумунун

# ТОКТОМУ

19-октябрь 2023-жыл №24/7 Тогуз Булак айылы

**Корул айыл өкмөтүндөгү Ак-Талаа, Олжоке Тогуз-Булак, Кең-Жылга, Арал эмканаларынын кызматкерлеринин жүргүзүп жаткан иштери боюнча**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 2-бөлүгүнүн 34-беренесине ылайык Корул айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы Ак-Талаа, Олжоке, Тогуз-Булак, Кең-Жылга, Арал эмканаларынын кызматкерлери тарабынан Кыргыз Республикасынын улуттук жана мамлекеттик программаларын аткарууда бир топ алгылыктуу иштердин аткарылгандыгы белгиленсин белгиленсин.

2. Калктын медико-санитардык коопсуздугун камсыз кылуу, айрыкча жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча жалпы элдик жыйындарда талкуулап, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү ФАП башчыларына, айыл өкмөттүн тиешелүү кызматкерлерине жана ден соолук комитетине милдеттендирилсин.

3. Медициналык тейлөөнүн сапатын жакшыртуу, бейтаптарды кабыл алууда жана дарылоодо аяр мамиле жасоо, диспансердик каттоодо турган оорулууларга үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү, эмканалардын санитардык абалын эрежедеги талаптарга ылайык кармоо ФАП башчыларына милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, социалдык маселелер, билим берүү, жаштар саясаты боюнча туруктуу комиссияга жана Корул айыл өкмөтүнүн башчысы Турганбаев Мустафага милдеттендирилсин.

Торайым М.А.Абдыкадырова